# «Хайленд» фонду – тике инвестициялар жана орто аралык каржылоо фонду

Жайгашкан жери:
Кыргыз Республикасы

Долбоордун номери:
50336

Тармагы:
тике инвестициялар фонддору

Мамлекеттик/жеке чектор:
жеке

Экологиялык текшерүү категориясы:
ФП

Директорлор Кеңеши тарабынан карап чыгуунун белгиленген мөөнөтү:
2019-жылдын 4-сентябры

Абалы:
концепциянын кароосунун өткөн

Долбоордун резюмесин англис тилинде жарыялоо күнү:
2019-жылдын 19-июну

## Долбоорду сүрөттөө

Сунушталып жаткан транзакция өзү менен тике инвестициялар жана орто аралык каржылоо фонду болуп саналган «Хайленд» коммандиттик шериктештикке (Фонд) 8 млн. АКШ долл. чейинки өлчөмдө каражаттарды салуу милдеттенмесин түшүндүрүп турат.

## Долбоордун максаттары

Фонддун сызыгы боюнча Кыргыз Республикасынын чакан жана орто ишканаларына орто аралык каржылоонун каражаттары жана тике инвестициялар менен байланышкан каражаттар, алардын капиталынын узак мөөнөттүү келечекке карай өсүп туруусуна жетишүү максаттарында салынмакчы.

**Өткөөл процесске карата таасир кылуу**

ЕӨРБнын аталган инвестициялык операциясы Кыргыз Республикасынын чакан жана орто ишканаларына тобокелдик капиталынын узак мөөнөттүү каражаттарын алууга мүмкүндүк берет, бул ушундай ыкма менен компаниялар-инвестициялоо объекттеринин атаандаштыкка жөндөмдүүлүк көрсөткүчтөрүн жогорулатат жана ата мекендик финансы тутумунун иштеп туруусунун туруктуулугун капиталды тартуунун альтернативалык булактарын өздөштүрүүдөн, тике инвестициялардын жана орто аралык каржылоо каражаттарынын көлөмдөрүнүн активдердин өз алдынча классы катары жогорулоосунан улам бекемдейт.

**Кардар жөнүндө маалымат**

«ТИКЕ ИНВЕСТИЦИЯЛАР ЖАНА ОРТО АРАЛЫК КАРЖЫЛОО ФОНДУ» КТ

(HIGHLAND PRIVATE EQUITY AND MEZZANINE FUND LP)

**ЕӨРБНЫН КАРЖЫЛООСУ**

8 млн. АКШ долл.

**Долбоордун жалпы баасы**

30 млн. АКШ долл.

**Экологиялык жана социалдык маселелер**

ФП экологиялык текшерүү категориясына киргизилген (ЭСПнын 2014-жылдагы басылышы). Фондго анын милдети катары ЕӨРБнын долбоорлорду ишке ашырууга карата коюлуучу 2, 4 жана 9 талаптарын сактоо, ЕӨРБ тарабынан аныкталышкан экосоциалдык тобокелдиктерди башкаруу ченемдерин аракеттеги тике инвестициялар фондуна карата колдонууда ишке киргизүү жана аткаруу, ошондой эле ЕӨРБга экосоциалдык проблематика боюнча өзүнүн жылдык отчетун жөнөтүп туруу иштери тагылат.

**Техникалык кызматташуу**

Караштырылган эмес.

**Компаниядагы контактта болуучу адам**

Усубакунов Эльдар
usubakunov@highland.kg
Тел.: +996 312 961 935
http://www.highland.kg
Кыргыз Республикасы, Бишкек, Токтогул көч., 125/1, 7-кабат, “Авангард” бизнес-борбору

**Долбоорлорго катышуу үчүн мүмкүндүктөр**

Долбоорго же сатып алууларга катышуу маселелери боюнча компания-кардарга кайрылууну өтүнөбүз.

Мамсектордогу долбоорлор: караңыз. EBRD Procurement. Сурап билүүлөр: тел.: + 44 20 7338 6794, эл. почтасы: procurement@ebrd.com

**Жалпы маалымдамалар**

ЕӨРБнын сатып алууларды жүзөгө ашыруу менен байланышпаган долбоорлору боюнча сурап-билүүлөр:
Тел.: +44 20 7338 7168, эл. почтасы: projectenquiries@ebrd.com

**Коомчулукка маалымдоо принциптери (КМП)**

КМПлар УӨРБда аныкталган маалыматты ачып көрсөтүү жана анын стратегияларын, саясатын жана операциялык ишмердигин тереңирээк түшүнүүгө жана билүүгө көмөк көрсөтүү үчүн кызыкчылыгы бар тараптар менен консультация берүүлөрдү өткөрүү тартибин аныкташат. Мамлекеттик сектордогу долбоорлор боюнча Директорлор Кеңешине бериле турган докладдарды алуу жол-жобосун, “Коомчулукка маалымдоо принциптери” бетинен шилтеме боюнча өтүү менен билүүгө болот.
КМПнын тексти

**Долбоорлорго байланыштуу даттанууларды карап чыгуу органы (ДКО)**

Долбоорлорго байланыштуу даттанууларды карап чыгуу органы (ДКО) өзү мененУӨРБнын ишмердигинин отчеттуулукка тиешелүүлүгүн камсыздоочу механизмди түшүндүрүп турат. Ал жеке адамдардан жана уюмдардан Банк тарабынан каржылануучу, арыз берүүчүлөрдүн пикири боюнча азыртан эле экологиялык жана (же) социалдык зыян келтиришкен же алдыда келтириши мүмкүн болгон долбоорлорго карата келип түшүп жаткан датанууларды көз карандысыз карап чыгууну жүргүзүүгө мүмкүндүк берет.

Даттануулардын берүү формалары жөнүндө маалыматты сайттын Долбоорлорго байланыштуу даттанууларды карап чыгуу органы барагынан караңыз. ДКО жол-жоболору Эрежелерине ылайык сизде болгон даттанууларды же талап кылууларды берүүгө жана алардын берилишинин мүмкүндүгүн таанууга тиешелүү каалагандай суроолорго жооп алуу үчүн ыйгарым укуктуу ДКОго pcm@ebrd.com дареги боюнча кайрылышыңыз керек.